УДК: 378. 1: 37.02 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-172-177

Мамырбаева Н.Б.
Борбордук Азиядагы Америка университетинин Инновациялык колледжи
Мамырбаева Н.Б.
Инновационный колледж Американского университета в Центральной Азии
Mamyrbaeva N.B.
Innovation College of the American University of Central Asia

ORCID 0000-0003-4776-4318

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЧЕТ ТИЛИ КАТАРЫ ОКУТУУДА ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ КАК ИНОСТРАННОМУ
USE OF INTERACTIVE METHODS IN TEACHING KYRGYZ AS A FOREIGN LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу студенттердин тилдик компетенциясын, сүйлөө жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрөт. Сабактарда студент активдүү катышуучу болуп, тил үйрөнүү процесси жандуу жана натыйжалуу болот. Ошондуктан кыргыз тилин чет тили катары окутууда окутуучулар замандын талабына ылайык заманбап педагогикалык технологияларды өз ишинде кеңири колдонууга тийиш. Интерактивдүү окутуу — бул студенттердин окуу процессине активдүү катышуусуна басым жасаган билим берүүнүн заманбап ыкмасы. Маалыматтын окутуучудан студентке өтүшүнө басым жасаган салттуу ыкмалардан айырмаланып, ал студенттердин активдүү катышуусуна, өз алдынчалыгына жана сынчыл ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзөт. Бул ыкманын негизги элементтери топтук талкууларды, долбоордук иштерди, ролдук оюндарды жана мультимедиялык технологияларды колдонууну камтыйт.

Аннотация: Использование интерактивных методов в обучении кыргызскому языку как иностранному развивает у студентов языковую компетенцию, навыки говорения и понимания речи. Студент становится активным участником урока, а процесс изучения языка становится живым и эффективным. Поэтому при обучении кыргызскому языку как иностранному преподавателям необходимо широко использовать современные педагогические технологии в соответствии с требованиями времени. Интерактивное обучение — это современный метод обучения, основанный на активном участии студентов в учебном процессе. В отличие от традиционных методов, ориентированных преимущественно на передачу информации от преподавателя к студенту, оно способствует активному участию, самостоятельности и развитию критического мышления студентов. Основными элементами этого метода являются групповые дискуссии, проектная работа, ролевые игры и использование мультимедийных технологий.

Abstract: The use of interactive methods in teaching Kyrgyz as a foreign language develops students' linguistic competence, speaking skills, and listening comprehension. Students become active participants in lessons, making the language learning process more engaging and effective. Therefore, when teaching Kyrgyz as a foreign language, teachers should make extensive use of modern pedagogical technologies in line with current educational requirements. Interactive learning is a modern teaching approach that emphasizes students' active participation in the learning process. Unlike traditional methods that primarily focus on transferring information from teacher to student, it promotes active participation, independence, and critical thinking. The main elements of this approach include group discussions, project work, role-playing, and the use of multimedia technologies.

Негизги сөздөр: кыргыз тили чет тили катары; интерактивдүү окутуу; интерактивдүү ыкмалар; сүйлөө кырдаалдары; талкуу оюндары; тилдик компетенция.

Ключевые слова: кыргызский язык как иностранный; интерактивное обучение; интерактивные методы; речевые ситуации; дискуссионные игры; языковая компетенция.

Keywords: Kyrgyz as a foreign language; interactive learning; interactive methods; speech situations; discussion games; linguistic competence

Азыркы билим берүү системасында тил үйрөтүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуудагы эң маанилүү маселелердин бири — интерактивдүү ыкмаларды колдонуу. Кыргыз тилин чет тили катары окутууда салттуу ыкмалар менен катар интерактивдүү ыкмаларды колдонуу зарылчылыгы күндөн-күнгө өсүп келе жатат. Сабакка кызыгууну жаратуу, чет өлкөлүк студенттердин мотивациясын сактоо жана өтүлгөн материалды өздөштүрүү жагынан сабакты кызыктуу жана натыйжалуу кылуу оңой иш эмес. Бирок бул маселени чечүү үчүн окутуунун ар кандай ыкмалары колдонулуп жатат. Ушундай ыкмалардын бири - интерактивдүү окутуу ыкмасы [1, 15-б.].

Интерактивдүү окутуу - бул студенттин активдүү катышуусуна, ой жүгүртүүсүнө, өз ара пикир алмашуусуна жана чыгармачыл иш-аракетине негизделген окутуу процесси.

Интерактивдүү ыкмалар окутуучунун бир тараптуу түшүндүрүүсүнөн айырмаланып, студент менен окутуучунун тең укуктуу өз ара аракеттенүүсүнө шарт түзөт. Бул ыкма студенттерди ойлонууга, суроо берүүгө, талдоого жана пикир айтууга үйрөтөт. Натыйжада тилди үйрөнүү жандуу процесске айланып, студенттер аны турмуштук кырдаалдарда колдонууга аракет кылышат [8, 1069-б.].

Интерактивдүү окутуунун принциби — окуу процессинин тынымсыз, активдүү өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө өтүшү. Окутуучу менен студенттер өз ара аракеттенип, студенттер бири-бири менен кызматташып, бири-бирине жардам беришет. Аудиторияда так, аныкталган максаттар коюлуп, бардык иштер пикир алмашууга негизделет. Бул тил үйрөнүүгө болгон мотивацияны жогорулатып, студенттердин инсандык сапаттарын, чыгармачылыгын жана кыргыз тилинде ой жүгүртүү, сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

Кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу азыркы билим берүү чөйрөсүндөгү эң актуалдуу жана практикалык мааниси зор маселелердин бири болуп саналат. Кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуунун максаты — окутуунун салттуу ыкмаларынан алыстап, студенттердин тилди өздөштүрүү процессине активдүү катышуусун камсыз кылуу. Кыргыз тилине болгон кызыгуу артып, аны чет тили катары окутуунун зарылдыгы жогорулап жаткан учурда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу тилдик тоскоолдуктарды жеңүүгө жана коммуникативдик компетенцияны өнүктүрүүгө жардам берет. Анын практикалык баалуулугу — чет өлкөлүк студенттерди пассивдүү угуучу эмес, активдүү катышуучу кылуунун жолдорун сунуштоосунда. Бул тилди практикада колдонууга жана эстеп калууга шарт түзөт [2, 45-б; 7, 112-б.].

Салттуу жана интерактивдүү ыкмаларды салыштырсак, биринчисинде мугалим даяр маалыматты берет, студент аны кабыл алат. Ал эми интерактивдүү окутууда студент маалыматты өзү таап, талдап, тилди колдонуу аркылуу жыйынтыкка келет [4].

Интерактивдүү билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү азыркы учурда маанилүү болгон ийкемдүү ой жүгүртүү, командада иштөө жана баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Бул ыкма студенттерди окуу процессине активдүү катышууга тартат, мында алар билимди керектөөчүлөр гана эмес, аны жаратуучулар да болуп калышат. Окутуунун бул түрү сабак учурунда салттуу чектөөлөрдөн чыгып, тереңирээк билим алуу үчүн технологияларды жана веб-сайттарды колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз тилин чет тили катары окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонууда санариптик технологиялардын инструменттеринин (мисалы, Quizlet, Kahoot! же кыргыз тилин үйрөтүүчү атайын мобилдик тиркемелердин) жардамы маанилүү. Натыйжада студенттер билимге гана эмес, келечектеги карьерасы жана жашоосу үчүн маанилүү болгон көндүмдөргө да ээ болушат.

Интерактивдүү окутуу - студенттердин окуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылган, сынчыл ой жүгүртүүнү жана кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган заманбап билим берүү ыкмасы. Интерактивдүү ыкмалар окутууну «талкуулоо», «аткаруу» жана «башкага үйрөтүү» деңгээлине көтөрөт, бул салттуу «угуу» жана «окуу» деңгээлине караганда натыйжалуулукту жогорулатат. Интерактивдүү ыкма салттуу ыкмадан айырмаланып, тилди студенттин эсинде гана эмес, анын практикалык көндүмдөрүндө да бекемдеп, кыргыз тилин чет тили катары окутуунун коммуникативдик натыйжалуулугун жогорулатат [10, 311–314-б; 12, 144-б]. Интерактивдүү ыкмалар (мисалы, ролдук оюндар, дебаттар, топтук долбоорлор) окуу процессин кызыктуу кылып, студенттердин мотивациясын жогорулатат [3, 5-б.].

– Интерактивдүү окутуу төмөнкү принциптерге негизделет:

– Жандуу баарлашуу жана диалог аркылуу үйрөнүү;

– Топтук жана жуптук иш аркылуу активдүүлүктү арттыруу;

– Өз алдынча ой жүгүртүү жана чыгармачылыкты өнүктүрүү;

– Практикалык багыттуулук – тилди реалдуу кырдаалда колдонуу.

Интерактивдүү окутуунун негизги формаларына төмөнкүлөр кирет:

ролдук байланыш оюндары, сүйлөө кырдаалдары, талкуу оюндары, интерактивдүү командалык оюндар, кейс методу, «POPS формуласы», долбоор методу, мээ чабуулу, кат алышуу саякаты, сынактар, спектаклдер, жомоктор, презентациялар, дебаттар, талкуулар, түшүндүрүү карталары, видеолорду көрүү жана аудиоматериалдарды угуу ж.б. Алардын айрымдары активдүү колдонулат.

Ролдук оюндар — интерактивдүү окутуунун кеңири таралган ыкмаларынын бири. Алар тилди коммуникативдик кырдаалда колдонууга мүмкүнчүлүк берет [10, 311–314-б; 12, 144-б.]. Кыргыз тилин чет тили катары окутууда ролдук оюндар баштапкы даярдык этабында күнүмдүк турмуштук кырдаалдардын негизинде өткөрүлөт. Мындай оюндар дүкөнгө, китепканага, кафеге, театрга, чач тарачка, почта бөлүмүнө баруу же жаңы адамдар менен таанышуу сыяктуу жөнөкөй кырдаалдарга негизделиши мүмкүн. Мисалы, «Дүкөндө» (сатуучу менен диалог) деп аталган ролдук оюнда бир студент сатуучунун, экинчиси кардардын ролун ойнойт; «Ресторанда» бир студент кардардын, экинчиси официанттын ролун аткарат. Ошондой эле «Банкта», «Аэропортто» (билет сатып алуу), «Мейманкананын кабылдамасында» жана башка темаларда ролдук оюндарды уюштурууга болот.

Кыргыз тилин терең өздөштүргөн студенттер үчүн «Брейн-ринг», «Эмне? Кайда? Качан?» жана «Эксперттер клубу» сыяктуу интерактивдүү командалык оюндарды колдонууга болот. Бул оюндар студенттерге тилин үйрөнүп жаткан өлкө жөнүндө билимин кеңейтүүгө, ошондой эле жалпы билимин, эрудициясын жана логикалык ой жүгүртүүсүн текшерүүгө мүмкүндүк берет. Атаандаштык чөйрөсү чет өлкөлүк студенттердин интеллектуалдык активдүүлүгүн арттырып, өз ойлорун кыргыз тилинде тез жана так билдирүүгө үйрөтөт.

Мындай ролдук оюндарды ар кандай темаларды өтүүдө лексиканы жана грамматиканы өздөштүрүү деңгээлин текшерүү үчүн колдонсо болот.

Мындан тышкары, ролдук оюндар студенттерге кыргыз тилдүү чөйрөгө тезирээк көнүгүү, Кыргызстандагы жашоо-тиричиликти түшүнүүгө, күнүмдүк кырдаалдарга даярдануу жана тилдик тоскоолдуктарды жеңүүгө жардам берет.

Окутуунун дагы бир интерактивдүү формасы - сүйлөө кырдаалдарын түзүү. Мисалы: сиз тааныш эмес шаардасыз жана мейманканаңызга кантип жетүүнү билбейсиз, анын дарегин унутуп калгансыз; тишиңиз ооруп, тиш доктурга жазылышыңыз керек; дене табыңыз көтөрүлүп, дарыгерге кайрылышыңыз керек; тамагыңыз ооруп, дары алуу үчүн дарыканага барышыңыз керек ж.б. Мындай көнүгүүлөрдүн негизги максаты - кыргыз тилинде сүйлөө көндүмдөрүн бекемдөө [11].

Талкуу оюндары (дебаттар, тегерек столдор). Бул оюндардын негизги максаты — аудиторияны кызыктырган актуалдуу темаларды талкуулоо жана талдоо. Ар бир студент тема боюнча өз пикирин билдирүүгө мүмкүнчүлүк алат. Окутуучу студенттерди жетектеп, теманы иштеп чыгып, багыт берүүчү суроолорду берет. Талкуу темалары ар кандай болушу мүмкүн: сүйүктүү тасмалардан жана музыкадан баштап, экологиялык маселелерге, жумушсуздукка, толеранттуулукка жана башка темаларга чейин.

Мындай талкуулар эркин атмосфераны талап кылып, студенттерге коркпой, тартынбай жана тынчсызданбай кыргыз тилинде баарлашууга жардам берет.

Кейс-ыкмасы - бул реалдуу жашоодогу кырдаалдарды сүрөттөө аркылуу колдонулуучу окутуу ыкмасы (кырдаалдык тапшырмалар). Студенттер жагдайлар менен таанышып, көйгөйдүн негизин түшүнүп, мүмкүн болгон чечимдерди сунуштап, алардын ичинен эң ылайыктуусун тандашы керек. Бул ыкма студенттерди бирдиктүү чечими жок маселелер боюнча талкууларга катышууга үндөйт жана өз көз караштарын жүйөлүү түрдө негиздөөгө үйрөтөт.

Долбоор ыкмасы. Бул ыкма кыргыз тилинде долбоорду өз алдынча пландаштырып, ишке ашырууга негизделет. Мисалы, гезит же журнал, макалалар жыйнагын, буклет, китепче чыгаруу, көргөзмө, спектакль, концерт даярдоо же көркөм чыгармадан үзүндү окуу.

Менталдык карталар. Ой жүгүртүү процесстерин визуалдаштыруу менен менталдык карталарды түзүү чыгармачылыкты өнүктүрүүгө, студенттердин эс тутумун жакшыртууга, окууну тездетүүгө жана баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Кыргыз тилин чет тили катары окутууда акыл карталары ар кандай этаптарда жана тилди билүүнүн бардык деңгээлдеринде колдонулушу мүмкүн. Бул ыкма жаңы материалды презентациялоо, жаттоо жана бекемдөө учурунда тилдик маалымат менен иштөөнүн ар кандай түрүн бир топ жеңилдетет.

Мээ чабуулу же «Ойлор себети» — бул берилген тема боюнча белгилүү болгон бардык маалыматты чогултуу, андан кийин талкуулоо жана системалаштыруу үчүн чакан топтордо колдонулган интерактивдүү ыкма.

Мээ чабуулунда «Кластер», «Аквариум» жана «Брейнсторминг» ыкмаларын колдонуу логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, жаңы сөздөрдү топтоого жана теманы кеңири түшүнүүгө жардам берет.

«POPS формуласы» (позиция — негиздөө — мисал — натыйжа). Бул ыкманын мазмуну төмөнкүдөй: студент окутуучу койгон суроо же көйгөй боюнча белгилүү бир позицияны ээлейт, аны негиздейт, мисалдарды жана аргументтерди келтирип, жыйынтыкка (натыйжага) келет. Бул ыкма студенттерге өз ойлорун тактоого, пикирин кыска жана так түзүп, билдирүүгө жардам берет. «POPS формуласы» студенттерге өз оюн кыска жана так билдирүүгө, талаш-тартышка катышууга, далилдөөгө жана темадан четтебөөгө үйрөтөт. Бул ыкма аркылуу студенттер өз пикирин билдирүү үчүн («Мен ойлойм...», «Мен ишенем», «Мен толугу менен ишенем», «Менин пикирим...», «Менин пикириме келсек...»), макулдукту жана макул эместикти билдирүү үчүн («Макулмун», «Толугу менен макулмун», «Мен сиз менен толугу менен макулмун», «Мен андай деп ойлобойм», «Менин пикирим башкача») колдонулуучу формаларды машыга алышат. Мындан тышкары, студенттер башка бирөөнүн башкача же карама-каршы пикирине жооп берүүнү, чыр-чатактарды чечүүнү жана компромисске келүүнү үйрөнүшөт.

Кыргыз тилин чет тили катары окутууда чет өлкөлүк баштапкы деңгээлдеги студенттер менен иштөөдө колдонулган ыкмалардын ичинен төмөнкүлөр өзгөчөлөнүп турат: «Мозаика» (же «Табышмак»), «Кар тобу», «Карама-каршылыктар», «Сөздү тап» жана «Социологиялык сурамжылоо».

«Мозаика» окутуу ыкмасы катары маалымат камтылган текстти табышмак сыяктуу майда бөлүктөргө бөлүүнү камтыйт. «Мозаика» ыкмасы (англисче *Jigsaw method*) - сабакта топтук иштөөгө негизделген натыйжалуу стратегиялардын бири. Окутуучу студенттерге тексттин айрым үзүндүлөрүн сунуштайт. Студенттердин милдети - ошол үзүндүлөрдү маанилик жана логикалык жактан байланыштырып, толук текстти түзүү.

Мозаика ыкмасы студенттерди кичи топторго бөлүп, чоң теманы бөлүктөргө ажыратуу, ар бир топко өз бөлүгүн изилдетүү жана кийин бири-бирине түшүндүрүү аркылуу жалпы билимди калыптандырууга багытталат.

Бул ыкманын «мозаика» деп аталышынын себеби - ар бир студент жалпы теманын бир бөлүгүн өздөштүрүп, алар бириккенде тема тууралуу толук түшүнүк пайда болот. Ыкманын максаты — студенттердин кызыгуусун арттыруу, жоопкерчиликти бөлүштүрүү, командада иштөө көндүмдөрүн

өнүктүрүү, угуу, түшүндүрүү, талдоо жана презентациялоо көндүмдөрүн бекемдөө, көлөмдүү теманы жеңил өздөштүрүүгө шарт түзүү.

«Кар тоголок» ыкмасы тилди үйрөтүүнүн башталгыч деңгээлинде маанилүү. Ал сөздөрдү же лексика-семантикалык топторду: жашылчаларды, мөмө-жемиштерди, сүт азыктарын, эт азыктарын, кийим-кечелерди, түстөрдү, кесиптерди, жаныбарларды, транспорт каражаттарын ж.б. үйрөтүүдө колдонулат. Бул ыкманын маңызы төмөнкүдөй: биринчи студент бир лексика-семантикалык топко кирген бир сөздү атайт, мисалы, «алма» (жемиш). Экинчи студент ошол эле топко тиешелүү дагы бир сөздү, мисалы, «банан» деп атап, андан соң эки сөздү ирети менен кайталайт. Кийинки студент мурунку эки сөздү кайталап, өзүнүн сөзүн кошот. Мисалы: алма, банан, апельсин ж.б. Ошентип, тема боюнча сөздөр оюн түрүндө өздөштүрүлүп, студенттердин сөздүк кору кеңейтилет.

«Карама-каршы сөздөр» ыкмасы сөздүк корду кеңейтүүгө багытталган. Бул ыкма башталгыч деңгээлдеги материалдар менен да, кеңейтилген сөздүк менен да колдонулушу мүмкүн. Ал карама-каршы маанидеги сөздөрдү, башкача айтканда, антонимдерди табууга негизделет. Башталгыч деңгээлде төмөнкүдөй карама-каршы маанидеги сөздөр менен иштөөгө болот: ооба — жок, бул жерде — ал жакта, салам — кош бол, жакшы — жаман, тез — жай, кыйын — оңой, алыс — жакын, мүмкүн — мүмкүн эмес ж.б. Сөздүк корду кеңейтүүдө төмөнкүдөй антонимдик жуптар колдонулат: ачуу — жабуу, күйгүзүү — өчүрүү, алуу — жөнөтүү, ар дайым — эч качан, согуш — тынчтык, түндүк — түштүк, чыгыш — батыш ж.б.

«Сөздү тап» — бул негизинен кыргыз тилин үйрөтүүнүн башталгыч деңгээлинде колдонулган интерактивдүү ыкма. Анда студент бир сөздү ойлоп, аны атабастан башкаларга түшүндүрүп берет. Окутуучу студенттерге белгилүү бир темага байланыштуу сөздөрдү сунуштай алат. Мисалы, «кыш» деген сөздү алсак: «Кыргызстанда кышкысын аба ырайы суук болуп, кар жаайт, адамдар жылуу кийим кийишет. Бул — жылдын бир мезгили. Менин өлкөмдө бул мезгилде анчалык суук эмес. Бизде кар да көп жаабайт. Бул эмне?» — деген сыяктуу түшүндүрмөлөр аркылуу сөздү таптыруу ыкмасын колдонсо болот.

Демек, интерактивдүү окутуунун маанилүү аспектилеринин бири - студенттердин чакан топтордо жана жуптарда иштеши. Окутуучу студенттерге тилдик көндүмдөрүн реалдуу жашоодогу баарлашууда колдонууга мүмкүнчүлүк берген ар кандай кырдаалдарды түзөт. Иштин мындай түрү чет өлкөлүк студенттерге тилдик тоскоолдуктарды жеңүүгө, маектешүү учурунда сүйлөөдөгү каталарды табууга жана бири-бирин өз алдынча оңдоого мүмкүндүк берет. Топтордо жана жуптарда ар кандай темаларды, суроолорду талкуулоо аркылуу студенттер өз ойлорун толук жана так билдирүүгө, мүмкүн болушунча көбүрөөк сүйлөөгө жана тилдик үлгүлөрдү өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

Окутуучунун ролу – чет өлкөлүк студенттерге баарлашуу процессин уюштуруу жана шыктандыруу, андан кийин аны зарылчылыкка жараша оңдоо, тиешелүү лингвистикалык колдоону көрсөтүү.

Интерактивдүү окутуу командалык ишти жана топтун ичиндеги кызматташтык чөйрөсүн өнүктүрөт. Студенттер өз билимдерин көрсөтүүгө гана эмес, аны жалпы максатка жетүү үчүн колдонууга да түрткү алышат. Интерактивдүү окутууда окуу материалын өздөштүрүүгө ыңгайлуу шарт түзүлөт. Студенттер ар кандай кырдаалдарда баарлашуу үчүн зарыл болгон оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

Азыркы учурда кыргыз тилин чет тили катары окутуунун заманбап ыкмалары тынымсыз өнүгүп, өркүндөтүлүп, интерактивдүү ыкмалардын кеңири түрлөрү сунушталып келе жатат. Жогорку окуу жайынын окутуучусу чет өлкөлүк студенттердин тилди өздөштүрүү деңгээлине, жөндөмдөрүнө жана мотивациясына жараша жаңы ыкмаларды иштеп чыгып, тандап, айкалыштырып жана ылайыкташтырат.

Интерактивдүү ыкмаларды колдонуу кыргыз тилин чет тили катары үйрөтүүдө студенттердин тилдик компетенциясын, сүйлөө жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрөт. Мындай сабактарда студент активдүү катышуучу болуп, тил үйрөнүү процесси жандуу жана натыйжалуу өтөт. Ошондуктан кыргыз

тилин чет тили катары окуткан окутуучулар заманбап педагогикалык технологияларды өз ишинде кеңири колдонууга тийиш.

Колдонулган адабияттар

1. Абдразакова Г. Интерактивдүү окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек: КР УИА, 2020.
2. Мамбетова А. Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун өзгөчөлүктөрү. – Бишкек: КТУ, 2022.
3. Жолдошова С. Коммуникативдик ыкмалардын тил үйрөтүүдөгү ролу. – Бишкек, 2021.
4. Richards J. C., Rodgers T. S. Approaches and Methods in Language Teaching. – 3rd ed. – Cambridge: Cambridge University Press, 2014. – 410 p.
5. Выготский Л. С. Мышление и речь. – Москва, 1982.
6. Пиаже Ж. Избранные психологические труды: Психология интеллекта. Генезис числа у ребенка. Логика и психология. – Москва: Международная педагогическая академия, 1994. – 680 с.
7. Иманалиев К. Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун методикасы. – Бишкек, 2021.
8. Белькова А. Е., Лесниченко Л. П. Интерактивный метод обучения на уроках русского языка как способ повышения познавательной активности учеников [Электронный ресурс] // Молодой ученый. – 2015. – № 23 (103). – С. 1068–1071. – URL: https://moluch.ru/archive/103/23947/ (дата обращения: 19.05.2020).
9. Гончаренко Н. В. РКИ для студентов-медиков: активные и интерактивные формы обучения // Русский язык за рубежом. – 2014. – № 5 (246). – С. 4–28.
10. Батраева О. М. Игровые технологии как средство активизации учебного процесса при формировании коммуникативной и социокультурной компетенций // Теория и практика образования в современном мире: материалы I Междунар. науч. конф. (Санкт-Петербург, февраль 2012 г.). – Т. 2. – Санкт-Петербург: Реноме, 2012. – С. 311–314.
11. Лебединский С. И., Гербик Л. Ф. Методика преподавания русского языка как иностранного: учебное пособие. – Минск: БГЭУ, 2011. – 309 с.
12. Тарасенко О. С. Организация интерактивного обучения в юридических вузах (пример методической разработки ролевой игры «Туристическая полиция») // Актуальные проблемы методики преподавания русского языка как иностранного: материалы II Междунар. науч.-практ. конф. – Уфа, 2016. – С. 144–149.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Сыдыкбаева М.М.

УДК 003.037
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-177-182

Мондошов Ш.Н.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Мондошов Ш.Н.
Ошский государственный педагогический университет
Mondoshov Sh.N.
Osh State Pedagogical University

ORCID 0009-0008-6310-2801

ОРФОГРАФИЯДАГЫ ТАКТООНУ ТАЛАП КЫЛГАН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР
НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОРФОГРАФИИ, ТРЕБУЮЩИЕ УТОЧНЕНИЯ
SOME ORTHOGRAPHIC ISSUES REQUIRING CLARIFICATION